Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2020-жылдын III чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын III чейрегинде 98,1 пайызды түзүп, 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 0,9 пайызга азайган (2019-жылдын III чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,0 пайызды түзгөн).

***1-таблица.*** *Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн. сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2019-ж. III чейреги | 2020-ж. III чейреги | 2019-ж. III чейреги | 2020-ж. III чейреги | 2019-ж. III чейреги | 2020-ж. III чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **537 611,4** | **574 268,5** | **543 143,9** | **585 419,5** | **99,0** | **98,1** |
| Бишкек ш. | 277 764,4 | 280 977,8 | 273 915,0 | 281 410,7 | 101,4 | 99,9 |
| Ош ш. | 62 443,6 | 80 752,8 | 65 124,7 | 84 126,2 | 95,9 | 96,0 |
| Чүй областы | 44 012,1 | 34 595,2 | 43 945,4 | 34 657,5 | 100,2 | 99,8 |
| Ысык-Көл областы | 30 035,6 | 32 448,5 | 30 910,6 | 33 632,3 | 97,2 | 96,5 |
| Талас областы | 11 060,7 | 16 257,2 | 12 518,1 | 17 489,8 | 88,4 | 93,0 |
| Нарын областы | 10 747,6 | 13 502,7 | 11 260,4 | 14 027,5 | 95,4 | 96,3 |
| Ош областы | 25 039,5 | 26 414,1 | 24 912,8 | 26 478,0 | 100,5 | 99,8 |
| Жалал-Абад областы | 53 756,6 | 63 497,8 | 57 815,1 | 67 846,0 | 93,0 | 93,6 |
| Баткен областы | 22 751,3 | 25 822,5 | 22 741,8 | 25 751,6 | 100,0 | 100,3 |

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын III чейрегинде 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда төмөнкү региондор боюнча өскөн:

- Ош шаары боюнча – 0,1 пайызга;
- Талас областы боюнча – 4,6 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 0,9 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 0,6 пайызга;
- Баткен областы боюнча– 0,3 пайызга.

Нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү 2020-жылдын III чейреги ичинде Баткен областы боюнча – 100,3 пайызды түзгөн. Ошондой эле Бишкек шаары боюнча – 99,9 пайыз жана Чүй, Ош областтары боюнча – 99,8 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 93,0 пайыз.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 574 268,5 млн сомду түзүү менен 2019-жылдын III чейрегине салыштырганда 6,8 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү негизги булактар боюнча төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 262 802,7 млн сомду, көбөйүү 6,5 пайызды түзгөн (2019-жылдын III чейрегинде – 246 636,7 млн сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 23 787,7 млн сомду, азаюу 4,5 пайызды (2019-жылдын III чейрегинде – 24 901,5 млн сомду) түзгөн;

- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 93 161,3 млн сом, көбөйүү 35,1 пайыз (2019-жылдын III чейрегинде – 68 941,8 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 40 536,1 млн сомду, көбөйүү 6,3 пайызды (2019-жылдын III чейрегинде – 38 138,0 млн сом) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 43 980,3 млн сомду, көбөйүү 0,4 пайызды (2019-жылдын III чейрегинде – 43 822,0 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 32 510,0 млн сом, азаюу 15,8 пайыз (2019-жылдын III чейрегинде – 38 619,3 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2019-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2020-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2020-жылдын III чейрегинде 585 419,5 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 7,8 пайызга көбөйгөн.

2020-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 262 857,3 млн сомду түзүп, 7,5 пайызга көбөйгөн (2019-жылдын III чейрегинде – 244 624,8 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 22 322,5 млн сомду түзүп, 5,6 пайызга азайган (2019-жылдын III чейрегинде – 23 654,0 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 125 720,3 млн сомду, көбөйүү 30,6 пайызды (2019-жылдын III чейрегинде – 96 302,9 млн сомду) түзгөн;

- локалдык акча которууларга төлөө – 36 215,8 млн сомду, көбөйүү 3,0 пайызды (2019-жылдын III чейрегинде – 35 165,1 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 4 399,1 млн сом, көбөйүү 9,8 пайыз (2019-жылдын III чейрегинде – 4 005,2 млн сом) чегинде белгиленген;

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 51 622,5 млн сомду түзүп, 10,3 пайызга азайган (2019-жылдын III чейрегинде – 57 563,5 млн сомду);

- эмгек акыны төлөө – 775,9 млн сом, азаюу 18,8 пайыз (2019-жылдын III чейрегинде – 955,1 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2019-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2020-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



**2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2020-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 49 619,8 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,5 пайызга азайган.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны 2020-жылдын III чейрек ичинде 2 351 036 төлөмдү түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 12,4 пайызга азайган.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2020-жылдын III чейрегинде 998 939,3 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 32,9 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде 128 820 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,05 пайызга көбөйгөн.

***2-таблица.*** *Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү*

| **Мезгили** | **ПКС** | | **ГСРРВ** | | **Жыйынтыгында** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2019-ж. III чейреги | 2 684 526 | 53 648,1 | 128 760 | 751 447,4 | 2 813 286 | 805 095,5 |
| 2020-ж. III чейреги | 2 351 036 | 49 619,8 | 128 820 | 998 939,3 | 2 479 856 | 1 048 559,1 |

**2.3. Банктык төлөм карттар рыногу**

2020-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр бардык коммерциялык банктар тарабынан сунушталган, алардын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын карттары жана 23 банк «Элкарт» улуттук системасы боюнча эмитенти жана эквайери болушкан.

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттардын жалпы саны 2020-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 3 212,4 миң картты түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 13,9 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

**- эл аралык системалар** **1 357 893 (42,3%):**
- VISA 885 953 (27,6%);
- Master Card 69 905 (2,2%);
- «Золотая Корона» (Россия) 397 581 (12,4%);
- Union Pay International 4 454 (0,1%).

**- «Элкарт» улуттук системасы** **1 854 545 (57,7%):**
- «Элкарт» 1 851 703 (57,6%);
- «Элкарт-UPI» 2 842 (0,1%).

***3-таблица.*** *Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны:*

| **Региондун аталышы** | **Visa** | **Master Card** | **Золотая Корона** | **Элкарт** | **UPI** | **Элкарт -UPI** | **Жыйынтыгында** | **Үлүшү (%)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 609 749 | 44 946 | 105 576 | 470 880 | 2 711 | 2 252 | 1 236 114 | 38,5 |
| Чүй областы | 48 714 | 4 394 | 41 121 | 198 137 | 847 | 80 | 293 293 | 9,1 |
| Ысык-Көл областы | 41 532 | 3 312 | 34 749 | 164 151 | 197 | 75 | 244 016 | 7,6 |
| Нарын областы | 9 810 | 2 574 | 26 042 | 115 435 | 0 | 118 | 153 979 | 4,8 |
| Талас областы | 16 518 | 1 678 | 13 102 | 79 273 | 245 | 30 | 110 846 | 3,5 |
| Жалал-Абад областы | 58 955 | 5 472 | 77 923 | 317 319 | 269 | 103 | 460 041 | 14,3 |
| Ош областы | 79 608 | 5 740 | 74 941 | 360 868 | 164 | 158 | 521 479 | 16,2 |
| Баткен областы | 21 067 | 1 789 | 24 127 | 145 640 | 21 | 26 | 192 670 | 6,0 |
| **Жыйынтыгында** | **885 953** | **69 905** | **397 581** | **1 851 703** | **4 454** | **2 842** | **3 212 438** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансылык ресурстардын ж.б. топтолушу жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да бул жерде кыйла өнүккөн болуп саналат. Натыйжада, 2020-жылдын III чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүш Бишкек шаары боюнча 57,3 пайызды түзгөн. Ал эми Талас областы боюнча 2,4 пайыз чегинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

2020-жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 31,1 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 28,3 пайызды түзгөн.



**6-график. 2020-ж. 1-октябрына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**



**7-график. 2020-ж. III-чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң сом)**

**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагы боюнча орнотулган 1 822 банкоматтарда жана 11 678 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 11,0 пайызды же 181ге көп банкоматты түзгөн, ал эми POS-терминалдар 8,0 пайызды түзгөн же 868ге көп).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары боюнча – 760 банкомат жана 5 591 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 212 банкомат жана 1 216 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы боюнча – 371 банкомат жана 1 403 POS-терминал.

***4-таблица.*** *Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны (даана):*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 696 | 6933 | 640 | 529 |
| Чүй областы | 181 | 745 | 209 | 204 |
| Ысык-Көл областы | 181 | 560 | 207 | 234 |
| Нарын областы | 81 | 101 | 142 | 88 |
| Талас областы | 71 | 113 | 83 | 109 |
| Жалал-Абад областы | 227 | 327 | 320 | 280 |
| Ош областы | 287 | 640 | 414 | 427 |
| Баткен областы | 98 | 77 | 167 | 148 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 822** | **9 496** | **2 182** | **2 019** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 68,3 млрд сом жалпы суммасында 14,8 миллион транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 24,4 жана 15,4 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 63,6 млрд сом жалпы суммасында 10,4 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 13,0 пайызга, көлөмү 15,8 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 4,7 млрд сом жалпы суммасында 4,5 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 60,7 пайызга, ал эми көлөмү 9,3 пайызга көбөйгөн.

## 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

2020-жылдын III чейреги ичинде валютанын 12 түрү боюнча эл аралык төлөм өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2020-жылдын III чейрегинде 691,7 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 3,3 пайызга азайган.

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 800,6 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 4,8 пайызга көбөйгөн.

## 2.5. Акча которуулар

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2020-жылдын III чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 60,1 млрд сом жалпы суммасында 2 802,5 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 0,8 жана 27,3 пайызга көбөйгөн.

Чыккан которуулардын саны 13,6 млрд сом жалпы суммасында 217,3 миң транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 0,5 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 16,3 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 43,2 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 59,9 пайызы туура келген.

Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын 2020-жылдын III чейреги үчүн берген отчетторуна ылайык, Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык жактан камсыз кылуу жагында талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**8-график. 2020-жылдын III чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2020-жылдын III чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




**1) АКШ долларында акча которуулар**

2020-жылдын III чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 274,6 млн АКШ доллары суммасында 353,5 миңди түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 11,1 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 42,5 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 111,5 млн АКШ доллары суммасында 97,3 миң төлөмдү түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 2,0 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 16,2 пайызга көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 7,5 млн евро жалпы суммасында 18,6 миң кирген которуулар өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 37,2 жана 34,6 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 2,7 млн евро жалпы суммасында 2,2 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 37,9 жана 45,2 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 36 255,9 млн рубль суммасында 2 430,4 миң кирген которуу өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,6 жана 17,7 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 4 327,4 млн рубль суммасында 117,0 миң транзакция ишке ашырылган, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,8 жана 1,2 пайызга көбөйгөн.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2020-жылдын III чейрегинде 0,05 млн теңге суммасында 1 кирген которуу ишке ашырылган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда төмөндөө тиешелүүлүгүнө жараша 99,8 жана 99,9 пайызды түзгөн. Чыккан которуулар 117,2 млн теңге жалпы суммасында 0,7 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,5 жана 3,6 эсе көбөйгөн.

***5-таблица.*** *Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар:*

| **Акча которуу системалары** | | **2019-ж. III ч.** | | **2020-ж. III ч.** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны,** *(миң даана)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* | **Саны,** *(миң даана)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* |
| **Western Union** | Кирген | 189,6 | 3 750,6 | 743,2 | 11 825,4 |
| | Чыккан | 9,5 | 486,5 | 8,8 | 625,8 |
| **Contact** | Кирген | 69,8 | 2 194,1 | 70,1 | 3287,8 |
| | Чыккан | 22,0 | 780,5 | 20,7 | 964,4 |
| **Money Gram** | Кирген | 21,3 | 890,9 | 25,5 | 1 156,2 |
| | Чыккан | 1,6 | 111,7 | 1,2 | 89,5 |
| **Юнистрим** | Кирген | 166,2 | 3 406,0 | 65,0 | 2 964,5 |
| | Чыккан | 4,3 | 522,1 | 2,9 | 345,8 |
| **БЛИЗКО** | Кирген | 0,2 | 7,3 | 0,0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0,002 | 0,013 | 0,0 | 0,0 |
| **FASTER** | Кирген | 0,6 | 9,2 | 0,0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0,3 | 5,9 | 0,0 | 0,0 |
| **Золотая корона** | Кирген | 2 329,9 | 36 815,0 | 1 892,8 | 40 589,8 |
| | Чыккан | 180,7 | 9 790,3 | 183,6 | 11 581,1 |
| **RIA** | Кирген | 3,5 | 112,4 | 5,9 | 227,3 |
| | Чыккан | 0,1 | 3,2 | 0,1 | 5,9 |
| **Жыйынтыгында, системалар боюнча** | **Кирген** | 2 781,1 | 47 185,5 | 2 802,5 | 60 050,9 |
| | **Чыккан** | 218,4 | 11 700,2 | 217,3 | 13 612,5 |

### 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2020-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 24 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ, анын ичинен 21 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 24 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2020-жылдын III чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 12,2 млрд сом жалпы суммасында 38,1 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 4,4 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 36,38 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 31,1 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 81,52 пайызы).

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1 091,8 млн сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 8,95 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,0 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,4 пайызын) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 1 999,2 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 16,40 пайыз), ал эми капчыктарды толуктоо саны 1 638,3 миң транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынан 4,30 пайыз) түзгөн.

***6-таблица.*** *Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:*

| № | **Төлөмдүн түрү** | **Саны** *(бирдик)* | **Үлүшү** *(%)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Үлүшү** *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 31 066 373 | 81,52 | 4 435 252,1 | 36,38 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 51 131 | 0,13 | 10 844,5 | 0,09 |
| 3 | Интернет | 431 905 | 1,13 | 356 817,7 | 2,93 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 1 737 964 | 4,56 | 805 645,7 | 6,61 |
| 5 | Салык жыйымдары | 148 447 | 0,39 | 158 183,5 | 1,30 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 72 600 | 0,19 | 65 421,7 | 0,54 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 83 200 | 0,22 | 62 515,4 | 0,51 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 280 224 | 0,74 | 886 022,8 | 7,27 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 147 264 | 0,39 | 365 605,3 | 3,00 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 424 615 | 1,11 | 1 616 787,3 | 13,26 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 1 638 272 | 4,30 | 1 999 230,2 | 16,40 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 140 693 | 0,37 | 210 637,9 | 1,73 |
| 13 | Социалдык тармактар | 14 696 | 0,04 | 4 432,6 | 0,04 |
| 14 | Интернет оюндары | 42 844 | 0,11 | 36 498,8 | 0,30 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 35 881 | 0,09 | 82 166,9 | 0,67 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 120 707 | 2,94 | 112 057,1 | 0,92 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 781 | 0,002 | 450,3 | 0,004 |
| 18 | Кулактандыруулар | 16 143 | 0,04 | 8 007,5 | 0,07 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 202 | 0,003 | 221,6 | 0,002 |
| 20 | Билим берүү | 1 446 | 0,004 | 5 637,7 | 0,05 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 2 927 | 0,01 | 692,3 | 0,01 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 648 591 | 1,70 | 969 665,4 | 7,95 |
| **2020-жылдын III чейрегинин жыйынтыгында** | | 38 107 906 | 100,0 | 12 192 794,1 | 100,0 |

**10-график. Төлөмдөрдүн саны, %**




**11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %**




Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

Отчеттук мезгилдин III чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 1,14 эсеге көбөйүп, 8 213 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

2020-жылдын III чейрегинин акырына карата жети коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналат, электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он бир локалдык система иш алып барууда, алардын ичинен эки система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен – электрондук акчаны нак акчага айландыруу (төлөө) гана ишин жүргүзгөн.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жеңилдигине жана ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Электрондук капчыктардын саны 3,1 млн капчыкты түзүп, 11,1 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 93,7 пайызга көбөйгөн).

2019-жылдын III чейрегине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 41,0 пайызга көбөйүп, 1,8 млрд сомду түзгөн, акча каражаттарын которуунун саны 0,4 млн операцияга жакынды түзүп, 110,5 пайызга көбөйгөн;
- электрондук акчаны нак акчага айландыруу операцияларынын көлөмү 39,0 пайызга көбөйүп, 5,4 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 106,6 пайызга көбөйүп, 0,8 млн операцияга жакынды түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 51,7 пайызга көбөйүп, 2,4 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 5,6 пайызга көбөйүп, 4,4 млн операция катталган;
- электрондук капчыктарды толуктоо операцияларынын көлөмү 45,9 пайызга көбөйүп, 8,0 млрд сомду түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 3,6 млн операцияны түзүп, 35,4 пайызга көбөйгөн.

**12-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




**13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**




## 2.8. Банктык чекене агенттер

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

2020-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 71 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 39 агентке же 2,2 эсеге көбөйгөн;
- 456 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 248 агентке же 2,2 эсеге көбөйгөн.

## 3. Методологиялык иш

2020-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 19-августундагы № 2020-П-14\46-4-(ПС) токтому менен «Терроризмди каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында төлөм уюмдарында жана төлөм системасынын операторлорунда ички контролдоону уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо бекитилген.

Коомдук талкууга Улуттук банктын төмөнкү ченемдик укуктук актылары сунушталган:

- Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына эл аралык төлөм системаларын каттоо маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору;
- Улуттук банк Башкармасынын «Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы 15/6 «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору.

Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировка болушу мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.